DOI:10.26104/NNTIK.2022.64.10.040

*Касымова Г.А.*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ СОЦИАЛДАШТЫРУУНУ БААЛОО

*Касымова Г.А.*

# ОЦЕНКА СОЦИАЛИЗАЦИИ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

*G. Kasymova*

# ASSESSMENT OF SOCIALIZATION OF PRESCHOOL CHILD

*УДК: 372*

*Азыркы глобалдашуу мезгилинде инсандын ийгиликтүү социалдашуусу эң актуалдуу маселелердин бири. Анын ичинен мектепке чейинки курактагы балдарды социалдаштыруу көйгөйү педагогикада жана жаш курактык психологияда негизги маселелердин бири болуп келген, анткени анын ийгилиги инсандын активдүү субъект катары коомдун толук кандуу мүчөсү экендигин аныктайт. Өсүп келе жаткан жаш муундардын социалдык чөйрөнүн толук кандуу мүчөсү болуу үчүн зарыл болгон коомдогу ченемдерди жана мамилелерди канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгү анын канчалык гармониялуу социалдашуусун аныктайт. Жаш бөбөктөрдүн эң алгач курчап турган дүйнөнү таануусу баарлашуу, өз ара иш аракет аркылуу ишке ашат. Анын социалдашуусу канчалык деңгээлде ийгиликтүү болуусу, ал аралашкан чөйрөгө жана ал чөйрөдө социалдашууга карата түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот.*

***Негизги сөздөр**: социалдаштыруу, өнүгүү, калыптануу, мектепке чейинки жаш курак, мектеп, психология, коом, социалдык чөйрө.*

*Во время глобализации в обществе успешная социализация личности является одной из самых актуальных проблем. Из них проблема социализации детей дошкольного возраста всегда была одной из основных в педагогике и возрастной психологии, поскольку ее успех определяет, что человек как активный субъект является полноценным членом общества. Степень усвоения подрастающими поколениями моральных норм поведения и отношения в обществе, необходимые для полноценного члена социальной сферы, определяет, насколько гармонично оно социализируется. Дети познают об окружающем мире через общение и взаимодействие с окружающими. Насколько успешной будет его социализация, будет зависеть от условий и среды членом которого он является.*

***Ключевые слова:** социализация, развитие, формирование, дошкольный возраст, школа, психология, общество, социальная среда.*

*In our time of globalization, successful socialization of the individual is one of very actual problems.The problem of socialization of preschool children has always been one of the main ones in pedagogy and age psychology, since its success determines that a person as an active subject is a full-fledged member of society. The development of younger generation learns the norms and attitudes in society necessary for a full-fledged member of the social sphere determines how harmoniously it is socialized. The very first thing that young children learn about the world around them is communication, mutual activity. Their successful socialization will depend on the environment in which they participate and the conditions they set for socialization in this environment.*

***Key words**: socialization, development, formation, preschool age, school, psychology, society, social environment.*

Социалдаштыруу – бул адамдын моралдык, адеп-ахлак нормаларын жана баалуулуктарын, ошондой эле аны курчап турган коомдогу жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүсү.

Инсандын социалдашуу маселесине илимде көптөгөн окумуштуулар кайрылып келишкен. Алсак, п.и.д., профессор А.В. Мудрик төмөндөгүдөй аныктама берген. Социалдаштыруу – адамдын бардык жаш курагында стихиялуу, салыштырмалуу багытталган жана максаттуу түзүлгөн жашоо шарттары менен өз ара аракеттенүүсүндө билимдерди өздөштүрүү жана ал билимдерди турмушта колдонуу процессинде адамдын өнүгүүсү жана өзүн-өзү өзгөртүүсү [3].

Социалдашуу инсандын социалдык жактан калыптануу процесси жана натыйжасы катары каралат. Процесс катары ал адамдын социалдык маданий чөйрө менен өз ара аракеттенүүсүнүн мүнөзүнө жараша инсандын социалдык жактан калыптанышын жана өнүгүшүн, ага карата ыңгайлашуусун жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен өзүн-өзү ишке ашырууну билдирет. Социалдашуунун жүрүшүндө адам өзү таандык болгон коомдун бир бөлүгү катары калыптанат [2].

Социалдашуу – адамдын ар бир жаш курак этабында болуучу үзгүлтүксүз процесс, ал бир катар өзгөчөлүктөргө ээ:

- стихиялуулугу жана уюшулбагандыгы;
- багытталган социалдашуу;
- контролго алынган социалдашуу;
- өзүн-өзү социалдаштыруу [4].

Кыргыз Республикасында окумуштуулардан инсандын социалдашуусу, мектепке чейинки балдарды тарбиялоо, алардын социалдашуусу п.и.д., профессор М.Рахимова эмгектеринде каралган. Мисалы, тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмолору: Мөл булак, Детский сад ж.б.

Мектепке чейинки балдарды социалдаштыруунун факторлоруна төмөндөгүлөр кирет:

• тышкы факторлор – мектепке чейинки курактагы балдардын социалдаштыруунун мазмунун жана формасын, алардын андан аркы өнүгүү багыттарын аныктайт. Аларга: үй-бүлө, балдар тобу, балдарды эрте өнүктүрүү борборлору, мектепке чейинки балдар

мекемелери ж.б.;

- ички факторго – баланын тубаса шыгы, кызыгуусу жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрү кирет.

Мектепке чейинки курактагы балдарды социалдаштыруу көйгөйү педагогикада жана жаш курактык психологияда негизги маселелердин бири болуп саналат, анткени анын ийгилиги инсандын активдүү субъект катары коомдун толук кандуу мүчөсү экендигин аныктайт. Өсүп келе жаткан жаш муундардын социалдык чөйрөнүн толук кандуу мүчөсү болуу үчүн зарыл болгон коомдогу ченемдерди жана мамилелерди канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгү анын канчалык гармониялуу социалдашуусун аныктайт.

Мектепке чейинки курактагы баланы социалдаштыруунун жолдору жана каражаттары түздөн-түз анын жаш курагынан жана жетектөөчү иш-аракеттин түрү менен аныкталат:

✓ бир жашка чейинки балдар үчүн эң негизгиси – үй-бүлөдөгү баарлашуу. Үй-бүлөлүк мамилелер жана баалуулуктар аркылуу ал тышкы дүйнө жөнүндө негизги маалыматтарды кабыл алат жана өздөштүрөт, жүрүм-туруму калыптанат;

✓ балдар бир жаштан кийин жана 3 жашка чейин балдар чөйрөсүндө баарлашууга муктаж болушат. Ошондуктан, балдарга толук кандуу инсан аралык баарлашууга шарттарды түзүү зарыл, башкача айтканда, баланы эрте өнүктүрүү борборлоруна, оюн аянтчаларына, бала-бакчага алып баруу маанилүү. Ал жерде балдар өзү теңдүү балдар менен менен баарлашууга үйрөнүшөт, коомдо бири-бири менен чогуу жашоонун жөнөкөй нормаларын үйрөтүшөт, мисалы, дос болуу, бөлүшүү, боорукер болуу, ж.б.;

✓ 3 жаштан 6 жашка чейин баланын өздүк сүйлөө кеби дүйнөнү таануунун негизги каражатына айланат: суроо берүүгө, диалог куруугa, оозеки түрдө алган билимдерин талдоого үйрөнөт.

Мектепке чейинки баланын социалдашуусу негизинен оюн аркылуу ишке ашарын эстен чыгарбоо керек. Мына ошондуктан, маалыматты жөнөкөй, жеткиликтүү, оюн формасында, башкача айтканда, кызыктуу боло турган формада берүүгө багытталган өнүктүрүү методдору, жаңы ыкмалары тынымсыз иштелип чыгууда жана колдонулуп келген ыкмалар өркүндөтүлүп жатат.

Социалдаштыруу негизинен баарлашуу аркылуу ишке ашат жана бала эң алгач сүйлөшө турган адам анын энеси болгондуктан, үй-бүлө биринчи жана негизги «социалдаштыруу институтунун» ролун аткарат.

Социалдаштыруу узак жана көп кырдуу процесс. Балдардын тышкы чөйрөгө карата социалдашуусу өтө маанилүү процесс, ал үчүн - түшүнүксүз жана бейтааныш. Чөйрөгө карата адаптация процессинин ийгилигине жараша бала акырындык менен коомдогу өзүнүн ордун түшүнөт, коомдун талаптарына ылайык өзүн алып жүрүүгө үйрөнөт.

Мектепке чейинки жаш курактагы балдардын социалдашуусунда, аң-сезиминин жана дүйнө таанымынын калыптануусунда массалык маалымат каражаттарынын, социалдык тармактардын таасирин дагы айтпай койсок болбойт. Себеби, аң-сезими жаңыдан калыптанып келе жаткан бөбөктөрүбүз көп убактысын TV, You Tube ж.б.дан ар кандай телеберүүлөрдү жана мультфильмдерди көрүү менен өткөрүшөт. Ал кандай мазмундагы маалыматты, мультфильмдерди көрүп жатат? Азыркы учурда балдарга арналган таанып-билүүчүлүк эң мыкты теле берүүлөр, мультфильмдер абдан көп. Бирок, анын көпчүлүгү орус жана чет тилдеринде. Мүмкүн, ал дагы баланын көп тилди өздөштүрүүсүнө жакшыдыр. Ошол эле учурда, эми тили чыгып келе жаткан бөбөктөрүбүздүн тили эне тилинде чыкпай, орус жана чет тилдери аралаш болуп жаткандыгы бизди кабатыр кылат. Кандай иш-аракеттерди жүргүзүү керек?

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынышы менен отуз жылдын аралыгында мамлекеттик тилдин мыйзамдык базасын чыңдоого өбөлгө түзүлүп, тилди өнүктүрүүгө, колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүгө бир катар кадамдар жасалып келет. Айтсак, аталган мыйзамды ишке ашыруу максатында КРнын Президентинин 2014-жылдын №119 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы» жана КРнын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 2-октябрындагы №510 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү программалары» түзүлүп, балдарды кыргыз тилинде окутууга арналган мобилдик колдонмолор, «Кыргызтест» системасы боюнча тесттен өтүүгө, даярдоого жана окутууга багытталган «Тилтест» веб-порталы, мультимедиялык продукттар, ошондой эле текстти үнгө айлантуучу программалык аппарат ишке киргизилип [1] жатат. Бирок, кыргыз тилин сактап калуу, кийинки муунга ата-бабаларыбыздан бизге калган таберик катары өткөрүп берүү ишин дал ушул мектепке чейинки, эми тили чыгып, аң-сезими калыптанып келе жаткан бөбөктөрүбүздөн баштасак, мыкты жыйынтыктарга жетээр белек?

Биз кайрылып жаткан маселенин алкагында С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде «Кыргыз тилиндеги мультфильмдердин жаш балдарды калыптандырып тарбиялоодогу ролу жана кыргыз тилиндеги мультфильмдерди түзүү» деген темада мамлекеттик бюджеттен каржылануучу илимий долбоор п.и.к., доцент Д.М. Ажыбаевдин жетек-

чилигинде иш алып барып жатат. Ошондой эле, Педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасынын ага окутуучусу М.К. Асанкулованын жетекчилиги менен «Башталгыч билим берүү» адистигинин бүтүрүүчүсү А.Сүйүндүкованын «Кенже жаштагы балдардын кеп маданиятын өстүрүүдө мультфильмдердин тийгизген таасири (мультимедиалык технологиянын негизинде мультфильмдерди кыргыз тилине которуу)» деген темада бүтүрүү квалификациялык иши ийгиликтүү корголуп, «Быйтыкча (Фиксики)» мультфильминин 5 сериясы кыргыз тилине которулуп, жакын арада Нарын ТВдан көрсөтүүнү пландаштырууда.

Өсүп келе жаткан жаш бөбөктөрүздүн ийгиликтүү социалдашуусунун бир шарты катары кыргыз тилин окутуунун методологиясын жана технологиясын өнүктүрүүдө аларга арналган кыргыз тилинде эң кызыктуу, мазмундуу, таанып билүүчүлүк мультфильмдер жана теле берүүлөргө мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулса. Ошону менен бирге эле мектепке чейинки балдардын социалдашуу деңгээлин аныктоо дагы маанилүү болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. КРнын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 2-октябрындагы №510 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасы
2. Мардахаев Л. Социальная педагогика: Учебник для студ. пед. вузов. - М.: Издательство Гардарики, 2006 г.
3. Мудрик А.В. Социальная педагогика: Учеб. для студ. пед. вузов / Под ред. В.А.Сластенина. - М.: Издательский центр «Академия», 1999.-184 с.
4. Рахимова М.Р. Социалдык педагогика: окуу куралы. - Б., 2004. -168 б.
5. Акматов Ө.С., Дурусбек кызы Т. Место социальной педагогики в социализации детей дошкольного и школьного возраста. Известия вузов Кыргызстана. 2018. №. 12. С. 115-118.
6. Сабирова М.М., Эрмекова А.А. Научно-педагогические подходы к социализации детей дошкольного возраста. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 5. С. 176-179.